КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

Жергиликтүү кеңешинин

ТОКТОМУ

“22” 09 2026-ж № 195 **Кызыл-Суу айылы**

Кызыл-Суу айыл аймагында органикалык аймак түзүү жөнүндө.

Кызыл-Суу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновдун Кызыл-Суу айыл аймагын органикалык аймакка өткөрүү боюнча сунушун карап чыгып, талкуулап жергиликтүү Кеңеш сессиясы **токтом кылат.**

1. Кыргыз Республикасынын Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айыл өкмөтүндө органикалык айыл чарбасын жана жаратылыш ресурстарын үнөмдөөчү технологияларын жайылтуу, айыл жашоочуларына экологиялык таза, органикалык азыктары өндүрүүгө шарттарды түзүп, аларды таза азыктар менен камсыз кылуу, өндүрүлгөн органикалык азыктарды сатууга өбөлгө түзүү менен айыл жашоочуларынын экономикалык абалдарын жакшыртуу аркылуу айыл жеринде туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу максатында Кызыл-Суу органикалык аймагы болуп түзүлсүн.

2.Органикалык аймакта органикалык айыл чарба технологияларын жайылтуу, биопрепараттарды, энтомофагдарды колдонуу, органикалык жер семирткичтерди өндүрүү, кепилдикке катышуу эрежелерин (PGS) колдонуп органикалык азыктарды өндүрүү андан тышкары кайра иштетүү, таңгактоо, сактоо сатуу стандарттары жана сертификаттоо эрежелери боюнча практикалык жардамдарды алуу жана мындан ары органикалык аймактагы чарбалык иштерди жандандыруу үчүн инвестиция тартуу боюнча Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары айыл чарбасы жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин Кайра иштетүү өнөр жайы жана органикалык айыл чарба департаментине "Органикалык аймак" катары сунуштalсын.

3.Кабыл алынган токтомдун аткарылышы Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновго, жер маселелери боюнча тиешелүү адис Б.Миңбаевге милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрайым **Г.Чыныбаева**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ
722400, Кызыл-Суу айылы, Манас күч. 194
э/э 4404021251005497 БИК 440001
ФОАО РСК Кызыл-Суу айылы
ИНН 02903202410422
тел: 03946 51-8-07факс: 03946 52-1-41,
e-mail:kyzylsuuaiylokmotu@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛ ОКМОТУ КЫЗЫЛ-СУЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
722400, село Кызыл-Суу, ул. Манаса 194
р/р 4404021251005497 БИК 440001
ФОАО РСК с. Кызыл-Суу.
ИНН 02903202410422
тел: 03946 51-8-07факс: 03946 52-1-41,
e-mail:kyzylsuuaiylokmotu@mail.ru

"21" 09 2026 № 03-5/308
№ _____ "____" _____202__

Кызыл-Суу айыл аймагынын
жергиликтүү кеңешинин
төрайымы Г.Чыныбаевага
Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн
башчысы Т.Баякуновдон

Сунуш

Биздин Сиздерге кайрылуубуздун себеби, суу ресурстары айыл чарба жана кайра иштетүү министирлигине караштуу кайра иштетүү өнөр жайы жана органикалык аймакка өткөрүп берүүңүздөрдү суранабыз.

Башчы **Т.Баякунов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУУ РЕСУРСТАРЫ, АЙЫЛ ЧАРБА ЖАНА КАЙРА ИШТЕТҮҮ ӨНӨР ЖАЙЫ МИНИСТРЛИГИ

ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНДУК АГРАРДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫ

722000, Кыргыз Республикасы
Ысык-Көл обл.,
Кызыл-Суу айылы, Манас көч., №95
Тел: (03946) 52-5-35Факс: (03946) 51-3-53
e-mail: zhetioguz.uar@mail.ru

МИНИСТЕРСТВО ВОДНЫХ РЕСУРСОВ, СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА И ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩЕЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ЖЕТИ-ОГУЗСКОЕ РАЙОННОЕ УПРАВЛЕНИЯ АГРАРНОГО РАЗВИТИЯ

722000, Кыргызская Республика
Иссык-Кульская обл.,
с.Кызыл-Суу. ул. Манаса, № 95
Тел: (03946) 52-5-35Факс: (03946) 51-3-53
e-mail: zhetioguz.uar@mail.ru

_____№_____
_____№ _____катка

Тез арада!
Жаргылчак айыл аймагынын айыл өкмөтү

Кызыл-Суу айыл Аймагынын айыл өкмөтү

Жети-Өгүз райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын, Сиздерге Кыргыз Республикасынын суу ресурстары айыл чарба жана кайра иштетүү министрлигине караштуу кайра иштетүү өнөр жайы жана органикалык айыл чарба департаментинин Ысык-Көл регионалдык башкармалыгынын 2026-жылдын 20-августундагы № 01-13/66 катар санындагы катын аткарууга жиберет.

Учурда Жаргылчак жана Кызыл-Суу айыл өкмөттөрүндө жергиликтүү калктын макулдугун алуу жана бул маселени айылдык кеңештин кезектеги сессиясынын күн тартибине киргизүү боюнча уюштуруу иштери башталган. Айыл өкмөттөрүнө сессияны кыска мөөнөттө өткөрүп, тиешелүү токтомдорду кабыл алуу жана сессиянын протоколдорунун көчүрмөлөрүн Башкармалыкка өткөрүп берүү тапшырмасы коюлуп кат жолдонгон.

Жаргылчак жана Кызыл-Суу айылдык кеңештеринин токтомдору кабыл алынары менен, тиешелүү документтерди жиберүүнү суранат.

Тиркеме: департаменттин каты 2 бараkта
аймакка токтом чыгаруу боюнча токтомдун үлгүсү

Башчы-акимдин орун басары **Б.Адылбеков**

М.М.Райымкулова (03946) 52-5-35

№ 01-7/951, 25.08.2026

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Адылбеков Б.А., 25.08.2026

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
СУУ РЕСУРСТАРЫ,
АЙЫЛ ЧАРБА ЖАНА
КАЙРА ИШТЕТҮҮ
ӨНӨР ЖАЙЫ
МИНИСТРЛИГИ

КАЙРА ИШТЕТҮҮ
ӨНӨР ЖАЙЫ ЖАНА
ОРГАНИКАЛЫК
АЙЫЛ ЧАРБА
ДЕПАРТАМЕНТИ

ЫСЫК-КӨЛ РЕГИОНАЛДЫК
БАШКАРМАЛЫГЫ

722200, Каракол ш., Кутманалиева көч. 118,
тел. (03922) 5 17 75

МИНИСТЕРСТВО
ВОДНЫХ РЕСУРСОВ,
СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА
И ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩЕЙ
ПРОМЫШЛЕННОСТИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ДЕПАРТАМЕНТ
ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩЕЙ
ПРОМЫШЛЕННОСТИ И
ОРГАНИЧЕСКОГО СЕЛЬСКОГО
ХОЗЯЙСТВА

ИССЫК-КУЛЬСКОЕ
РЕГИОНАЛЬНОЕ УПРАВЛЕНИЕ

722200, г.Каракол, ул. Кутманалиева, 118
тел. (03922) 5 17 75

Райондук мамлекеттик администрация башчылары

Райондук айыл чарбасын өнүктүрүү башкармалыктарынын башчылары

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Кайра иштетүү өнөр жайы жана органикалык айыл чарба департаментинин (Мындан ары – Департамент) Ысык-Көл регионалдык башкармалыгы (Мындан ары – Башкармалык), Сиздер тарапка кайрылуубуздун себеби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 15-майындагы № 255 токтому менен бекитилген “2025-2029-жылдарга Кыргыз Республикасында органикалык өндүрүштү өнүктүрүү” программасынын негизинде, акыркы беш жылда республика боюнча органикалык айыл чарба продукцияларын өндүрүп жаткан жер аянттарын 202,5 миң га аянтка жеткирүү белгиленген жана 2025-2029-жылдар ичинде Ысык-Көл, Нарын облустарын, ошондой эле тоо этектеринде жайгашкан райондорду толук органикалык өндүрүшкө өткөрүү каралган.

Мындан сырткары Департаменттин 2026-жылдын 8-июнундагы “Ысык-Көл облусунда 2026–2030-жылдарга органикалык айыл чарбасын жана кайра иштетүүнү өнүктүрүү планын” ишке ашыруу максатында ар бир райондон төмөнкү айыл өкмөттөрдү органикалык айыл чарбасына өткөрүү боюнча иштер пландалган.

Алар:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-13/66, 20.08.2026

Кол койгон: Кадаев С.Б., 20.08.2026

Ак-Суу районунан Кыдыр-Аке айыл өкмөтүн органикалык айыл аймак сататусуна өткөрүү (Ак-Суу, Кереге-Таш, Сары-Камыш, Ново-Константиновка, Кайырма-Арык, Пионер, Эңилчек айылдары), Жети-Өгүз районунан Жаргылчак айыл өкмөтүн органикалык айыл аймак сататусуна өткөрүү (Ак-Терек, Кичи-Жаргылчак, Жениш, Чон-Жаргылчак, Даркан) жана Кызыл-Суу айыл өкмөттөрү, Тоң районунан Күн Чыгыш айыл өкмөтүн органикалык айыл аймак сататусуна өткөрүү (Бөкөнбаев, Арчалы, Кажы-Сай, Тоң, Кажы-Саз, Ак-Булуң), Түп районунан К. Карасаев айыл өкмөтүн органикалык айыл аймак сататусуна өткөрүү (Тасма, Чоң-Тогузбай, Токтоян, Арал, Миң-Булак, Сары-Дөбө, Кош-Дөбө, Долон), Ысык-Көл районунан Садыр-Аке айыл өкмөтүн органикалык айыл аймак сататусуна өткөрүү (Булан-Сөгөттү, Корумду, Темир, Кашат, Григорьевка, Григорьевка-Пристань, Кожояр, Семеновка).

Аталган айыл өкмөттөрүндө Департамент тарабынан 2026-жылдын июль айында салттык айыл чарбасынан органикалык айыл чарбасына өтүү боюнча семинар уюштурулуп жергиликтүү тараптарга тиешелүү маалыматтар жеткирилген.

Ошого байланыштуу учурда жогоруда аталган айыл өкмөттөрүн органикалык айыл чарбасына өтүүсү боюнча жергиликтүү бийликтин башкача айтканда жергиликтүү кеңештердин макулдугунун берилүүсү шарт.

Жогорудагыларды баяндоо менен тиешелүү айыл аймактарда органикалык айыл чарбасына өтүү чечимин кабыл алууда жаралган маселелер болсо олустук Башкармалык методикалык, маалыматтык жардам көрсөтүүгө даяр экендигин билдирүү менен аталган чечимдерди кабыл алуу боюнча тиешелүү иштерди алып барууга көмөк көрсөтүүңүздөрдү суранам.

Иш алып баруу боюнча биздин адистердин байланыш телефондору - К. Касымова 0708574046.

Аткарылган иштер тууралуу маалыматты 2026-жылдын 1-сентябрына чейин Башкармалыкка берүүңүздөрдү өтүнөм.

Тиркеме: Айылдык кеңештин токтомунун шаблону.

Башчы **С.Б. Кадаев**

Аткарган: К.Т. Касымова, 0708574046

№ 01-13/66, 20.08.2026

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Кадаев С.Б., 20.08.2026